“БЕКИТЕМИН”
Ош мамлекеттик юридикалык институтунун ректору, юридика илимдеринин кандидаты, проф.м.а.
_________________ Токторов Э.С.
«____»_____________ 2020-ж.

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунун мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын кошмо жыйынынын**

**№__2__ токтомунан**

КӨЧҮРМӨ

Ош шаары «15» 10 2020-ж

**Катышкандар:**
Отурумдун төрагасы - т.и.к., профессор Абытов Б.К.
Отурумдун катчысы – ага окутуучу Маматашимов Д.С.

Ош мамлекеттик юридикалык институтунун окуу иштери боюнча проректору, ю.и.к., проф.м.а. Арстанбеков М.С., (12.00.08) Ош мамлекеттик юридикалык институтунун илимий иштер боюнча проректору, т.и.д., профессор Б.К.Абытов, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын башчысы ю.и.к., доц.м.а. Жаанбаева Ч.К. (12.00.01),ю.и.к., доцент Атамкулова Е.Т. (12.00.01), ю.и.к., доц.м.а. Бакирова Ш.М. (12.00.02), ю.и.к., доцент Юсупалиев И.К. (12.00.09),ю.и.к., проф.м.а. Тайлакова С.Дж (12.00.01), ю.и.к., доцент, Колсариева Н.Ш.(12.00.01), ю.и.к., д.м.а. Абдикерим к Г. (12.00.01), ю.и.к., д.м.а. Маматазизова Э.К. (12.00.01), ю.и.к., доц.м.а. Эрдоолатов Ч.С. (12.00.08), ю.и.к., доц.м.а.Мазитов Р.Я.(12.00.01.),т.и.к., доцент Акматова А.Т.

**Ага окутуучулар жана окутуучулар**: Жолдошев Т., Маматашимов Д.С., Жолдошев М.А., Асанова У.А., Кодолов М.С.,Жусубалиева М.К.

**Чакырылгандар:** Кыргыз Россия Славян университетинин мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын башчысы, ю.и.д., профессор Борубашов Б.И., К.Ш.Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин кылмыш-жаза процесси кафедрасынын башчысы, ю.и.к., д.м.а. Юлдашев К.К., мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын башчысы, phd doctor Улан уулу Авакан.

**Күн тартибинде:**

Изденүүчү Сайпидинов Бакытбек Рысбаевичтин “Кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу” аттуу темадагы 12.00.01 –укуктун жана мамлекеттин тарыхы жана теориясы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Угулду: Жыйындын төрагасы т.и.к., профессор Ош мамлекеттик юридикалык институтунун илимий иштер боюнча проректору Абытов Б.К.:**

Урматтуу жыйналыштын катышуучулары, бүгүнкү жыйындын тартибинен Сиздерге белгилүү болгондой, изденүүчү Сайпидинов Бакытбек Рысбаевичтин “Кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу” аттуу темадагы 12.00.01-–укуктун жана мамлекеттин тарыхы жана теориясы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы боюнча кандидаттык диссертациясы талкууланмакчы. Бүгүнкү тема кызыктуу жана азыркы учурда актуалдуу, ошондой эле диссертабелдүү деп ойлойм. Диссертациялык ишти алдын-ала баардыгыңыздар окуп чыккансыздар, ошентсе да иштин негизги жоболору менен дагы бир ирет, диссертацияда каралган маселелер жана анын жазылышы жөнүндө айтып бериш үчүн алгачкы сөздү диссертант Сайпидинов Бакытбек Рысбаевичтин өзүнө берели.

**Сайпидинов Б.Р.:**

-Саламатсыздарбы урматтуу жыйындын төрагасы, катышуучулары жана чакырылгандар. Сиздердин назарыңыздарга “Кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу” деген темада диссертациялык иликтөө иши сунушталып жатат.

**Диссертациялык жумуштун актуалдуулугу.** Азыркы таптагы жүргүзүлүп жаткан укуктук реформалар Кыргызстанда демократиянын укуктук негиздерин, эркин экономиканы түзүүгө жана түпкүлүгүндө

укуктук мамлекетти түзүүгө багытталып жатат. Укуктук мамлекеттин башкы өзгөчөлүктөрү болуп: биринчиден - адамдардын жалпыга таанымал укуктарын жана эркиндиктерин мыйзам аркылуу бекемдөө; экинчиден - мамлекетти башкарууда жарандардын түздөн-түз жана өздөрү шайлаган өкүлдөрү аркылуу катышуусун камсыз кылуу; үчүнчүдөн - мамлекеттин жана коомдун турмушунда мыйзамга артыкчылык берүү; төртүнчүдөн - коомдук мамилелерди жөнгө салуу жагдайында соттордун ролун жогорулатуу болуп саналат. Баарына маалым болгондой, Советтер Союзу учурунда мамлекетинде "социалисттик система" жана "социализмди куруу" идеясы кыйроого учураган. Тарыхта буга окшогон идеялар чыныгы укукту артка түртүп салып, тоталитардык режимге, диктатурага, элге жасалган зордук-зомбулукка алып келип, алардын жашоосунан жалпы цивилизация жана маданият берген баалуулуктарды четтетүүгө алып келээри белгилүү. Советтик коомдо укук "социалисттик укук" деп аталып, баштан аяк идеологиялаштырылган болчу. Аталган Советтик же социалисттик коомдун укуктук нормалары бир гана мамлекетке жазылып, алакалашуу принциптерин тааныган эмес. Ошондуктан, постсоветтик укуктук жана экономикалык мейкиндиктин алкагындагы аймактык укуктук-экономикалык алакалашуу көйгөйлөрү Шериктештик өлкөлөрүнүн саясатчылары менен окумуштуулары тарабынан кеңири чагылдырылган. Эл аралык укуктук - экономикалык алакалашуу жалпы жана өзгөчөлүктүү маселелери, анын таасирдүүлүгү чет элдик белгилүү окумуштуу – классиктер Б. Баллас, Д. Герберт, Р. Купер, Ж. Моннэ, Г. Мюрдаль, Я. Тинберген, Р. Шуман жана башкалардын эмгектеринде каралган.

Алакалашуу жана анын таасирдүүлүгү жөнүндөгү маселелер Б.И.Борубашев, Л. И. Абалкиндин, Ч.И.Арабаевдин, Е. М. Арындын, С. Б. Байзаковдун, Л. Васильевдин, О. Т. Гринбердин, Г. Дитердин, А. Е. Есентугеловдун, С. Жуковдун, Н. А. Зиядуллаевдин, Н. К. Исингариндин, М. Б. Кенжегузиндин, В. Н. Кириченконун, Т. К. Койчуевдин, И. М. Коротченянын, А. К. Кошановдун, Н. Х. Кумскованын, Т. Мансуровдун, Ж.

А. Мусаеванын, Ш. М. Мусакожоевдин, М. Олкоттун, Б. Румердин, Джеффри Д. Сакстын, К. С. Сыдыковдун, Феллипс Б. Ларрендин, Т. У. Усубалиевдин, Чжен Кун Фунун, А. Шинердин, В. А. Шудьганын жана башкалардын эмгектеринде каралган.

Изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү эл аралык укуктук-экономикалык мамилелердин кеңейиши баалардын төмөндөшүнө, жумуш орундарынын көбөйүшүнө, сунушталган продукциялардын ассортиментинин кеңейишине жана тейлөөлөрдүн сапаттарынын жакшырышына алып келет, ошонусу менен калктын турмушунун сапаттуу жакшырышын жаратат деген ойду карманышат. Изилдөөчүлөр рынокту ачуунун дайыма өзгөрүп турушу кошуна өлкөлөр үчүн улуттук экономиканын атаандаштыгы жөнүндөгү маселени көтөрүүгө мажбурлайт. Улуттук өндүрүш кубаттуулугун кыйла күчтүү башка аймактык ассоциялардын мүчө-өлкөлөрүнүн атаандаш - ишканаларынын сиңирип кетүү мүмкүнчүлүгүнөн улам улуттук чарбалык саясаттын автономиясы да, ошондой эле жумушчу орундары да жоголуп кетүү коркунучунда калышы мүмкүн. Ааламдашуунун жүрүшүнүн укуктук-юридикалык иштерге тийгизээр түздөн-түз таасири жана глобалдык башкаруунун ыкмалары орус окумуштуулары – А. Бузгалиндин, Н. А. Косолаповдун, В. А. Кременюктун жана чет элдик окумуштуулар – М. Бертрандын, Дж.Галтунганын, А. Грумдун, Р. Кохейндин, Д. Пауэллдин, Дж. Розенаунун, К. Уолтңтун, Э. Хаастын, Е. О. Щемпелдин жана башкалардын эмгектеринде каралган.

Убакыттын өтүшү менен, мамлекеттик башкаруунун соода-сатык, карым-катнаш, укуктук-экономикалык мамилелер, мамлекеттер аралык экспансия иштеп чыгуу, албетте, бул адат укугу белгилерин барган сайын аскетизм (өз эрки менен баш тартуу же ашкере чектөө) болуп бара жаткандыгын белгиси катары кабыл алуу зарылчылыгын жаратат. Ушундай шартта белгилеп коюу керек, кыргыздардын салттуу укугу - кылымдардан бери калыптанып келген, коомдун муктаждыктарына ар тарабынан топ келген, жазылбаган укуктук топтом. Адат укугунун негизги нормалары –

ички мазмуну жана алардын ичинде жаткан принциптер. Кылмыш жана жаза жаатында-кунга кун жана канга кан принциптери; үй-бүлөлүк мамилелерде – экзогамдык тыю салуу (жетинчи муунга чейин үй бүлөө куруууга тыю салуу); адилеттик иштерди жүргүүздө – ачык айкындуулук, калыстык принциптери ж.б.

XIX кылымдын башында Россия империясы тарабынан Түркстан аймагындагы жашаган калктардын сот системасын изилдөө башталган жана бул укуктук институт боюнча падышачылык жөнөткөн аскер адамдарынын, чиновниктеринин, чыгыш таануучуларынын, саякатчылардын отчеттору негизи тарыхнаамалык базаны түзөт. Жазалоо ыкмаларынын түзүлүшү, түркүмдөрү тууралуу маалыматты кыйыр булактар – оозеки, фольклордук уламыштар аркылуу да билүү мүмкүн. Ошондой эле орус изилдөөчүлөрүнүн материалдары, бийлердин чукул съезддеринин эрежелери жана бийлер сотунун бекитилген чечимдери да маселенин ачыкталышына өбөлгө боло алат. Кыргыздардын XIX кылымдын экинчи жарымына чейинки мезгилдеги салттуу сот системасы, анын ичинде жазалоо ыкмалары жакшы изилдене элек темалардын катарына кирет. Жогоруда белгиленген негизги тарыхый булактардын берген анализдери көпчүлүк учурда кыргыздардын процессуалдык аныктыгын толук кандуу чагылдыра алышкан эмес. Бул көрүнүшкө бир катар себептердин комплекси бар: изилдөөчүлөрдүн евроцентристтик мамилеси, берилген маалыматтардын толук эместиги, ошондой эле себептердин эң негизгиси - саясий жана административдик кырдаал болгон. Изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү кыргыздардын укуктук системасына өздөрүнүн класстык-колонизатордук позициясынан карашкан жана патриархалдык мамилелердин маанисин апыртып жиберүү тенденциясы байкалган. Маселенин таарыхнаамасына кайрылган болсок. Революцияга чейинки мезгилдеги авторлордун көпчүлүгү кыргыздардын каада укугун, адатын, социалдык мамилелерин жөнгө салуучу мыйзамдарды изилдөөдө казактардын салттуу укугу менен бирге баяндап, кээ бир учурларда гана өзгөчөлүктөрүн белгилеп кетишкен. Ошондуктан, мурдакы

адат укугунун мамилелердин көйгөйлөрүнүн теоретикалык жактан жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгы жана алардын мамлекеттин укуктук-экономикалык өнүгүшүн изилдөөдөгү маанилүүлүгү изилдөөнүн темасын, ушул иштин максаты менен милдеттерин, анын түзүлүш ыңгайын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Диссертациялык жумуштун илимий изилденгендиги**. Кыргыздар байыркы эл болгондуктан өздөрү менен бирге каада-салттарды жана үрп-адаттарды алып жүрүшкөн. Байыркы убактардан бери аларда белгилүү бир жүрүм-турум нормалары жана эрежелер калыптанган. Аларга ылайык кыргыздар өздорүнүн коомдук мамилелерин жөнгө салышкан. Кыргыздардын салтуу коому алардын коомдук мамилелеринин бекемдигин жана туруктуулугун камсыз кылган адат укугунун нормалардын негизинде жашап келген.Адат укугу - салттуу коомдук бийлик органдары аркылуу көзөмөлдөнгөн жана илимпоздордун айтуусунда – В.В.Карлов, Ю.И.Семенов, С.В.Пахман, З.Кошта, А.А.Никишенков, Л.В.Гумилев) - белгилүү бир тарыхый этапта салттуу жүрүм-турум эрежелеринен пайда болгон, кыргыздардын коомунун социалдык, мүлктүк, саясий жана башка нормаларынын жана үрп-адаттарынын системасы(1. Обычное право народов Сибири (буряты, якуты, эвенки, алтайцы, шорцы) / Сост. и авт. коммент. В.В.Карлов / Под ред. Ю.И. Семенова. М.: Старый сад, 1997. - 396 с.; 2. Обычное право хоринских бурят: памятники старо-монгольской письменности. Новосибирск, Наука, 1992. - 311 с.; 3. Сборник народных юридических обычаев./Под ред. С.В.Пахмана. СПб., 1900.; 4. Сборник обычного права сибирских инородцев. Варшава, 1876. - 282 с.; 5. Степной закон. Обычное право казахов, киргизов и туркмен // Сост., авт. вступ. ст., коммент. и глоссария А. А. Никишенков / Под ред. Ю. И. Семенова. М.: Старый сад, 2000. - 288 с.; 6. Китайское уложение Палаты внешних сношений. Ч.3. - СПб., 1828. -319 с.; Л.Н.Гумилев Хунну: Срединная Азия в древние времена / АН СССР. Ин-вост. лит-ры. — М., 1960. —292с.).

Адат укугу адамзат тарыхынын эң байыркы социалдык кубулушу катары

саналат. Адат укугунун пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү проблемалары көп кырдуу мүнөздө болот, анткени анын нормалары укуктук маданияттын элементтери болуп саналат. Адатты изилдөө, аны башка укуктук булактар менен салыштыруу укуктун келип чыгуу процессин жана укуктук нормалардын муундан-муунга өтүүсүн түшүнүүдө маанилүү ролду ойнойт. Укуктук илимде, чет элдик ошондой эле жергиликтүү илимпоздордун көз карашы менен алып караганда адат укугу тарыхый аспектте изилденген жана изилденип келе жатат. Ошондой эле кадимки нормаларды башка социалдык нормалар менен салыштыруу аркылуу да изилдөөлөр болуп келген жана жүргүзүлүүдө. (7. Кистяковский А.Ф. Собрание и разработки материалов обычного права. -Киев, 1876.; 8. Ковалевский М.М. Историко-сравнительный метод в юриспруденции и приемы изучения истории права. М.: тип. Б.Миллера 1880. - 73 с.; 9. Ковалевский М.М. Современный обычай и древний закон. Обычное право осетин в историко-сравнительном освещении. В 2 т. -М., 1886.; 10. Ковалевский М.М. Родовой быт в настоящем, недавнем и отдаленном прошлом. Опыт в области сравнительной этнографии и истории права. Вып. 1-2.-СПб., 1905.- 160 с.; 11. Ковлер А.И. «Мононормы» в самоуправляющихся общностях прошлого и настоящего // Обычное право и правовой плюрализм в изменяющихся обществах. М. 1997. - с. ; 12. Ковлер А.И. Исторические формы демократии: проблемы политико-правовой теории. М.} 1990. - с.)

Үрп-адаттар (кадимки нормалар) укуктардын булактары болуп бардык эле мамлекеттерде эсептелинбейт, чектелүү гана укуктук мамилелердин айланасында каралат. Онүккөн укуктук системаларда укуктук үрп-адат кошумча укук булагы катары кызмат кылат. Мыйзамдардын жана келишимдердин кээ бир шарттары козөмөлдөнбөй калган учурда, кандайдыр бир карама-каршылык пайда болгондо адат укугу нормалары бoштукту толуктайт. Адат укугу эл аралык укукта да чоң ролду ойнойт.( 13. Л.Н.Гумилев. Древние тюрки VI—VIII вв.: Автореф. дисс. на соиск. уч.

степени доктора ист. наук / Ленинградский гос. ун-т. — Л., 1961. — 28 с.; 14. Л.Н.Гумилев. Древние тюрки: История Срединной Азии на грани древности и Средневековья: (VI—VIII вв.): Дисс. на соиск. уч. степени доктора ист. наук. — Л., 1935—1961.; 15. Л.Н.Гумилев. Хунно-китайская война III—II вв. до н. э. // Древний мир: Сборник статей: Академику Василию Васильевичу Струве. — М., 1962. — С. 410—417.; 16. Л.Н.Гумилев. Хазарская Атлантида // Азия и Африка сегодня. — 1962. — № 2. — С. 52—53. — Соавтор: А. Алексин.; 17. В.В.Радлов. Наречия урянхайцев (сойотов), абаканских татар и карагасов. Тексты собранные и переведенные Н.Ф.Катановым/Юбразцы народной литературы тюркских племен, изданные В.В.Радловым. СПБ., 1907. - Т. I. - 668 е.; - Т. II. - 658 с.; 18. Катанов Н.Ф. Опыт исследования урянхайского языка с указанием главнейших родственных отношений его к другим языкам тюркского корня. Казань, 1903. - XIII, 487 с.; 19. Каррутерс Д. Неведомая Монголия: Урянхайский край. Птг., 1914. - Т. I. -340 с.; 20. Кенин-Лопсан М.Б. Магия тувинских шаманов. Кызыл, 1993. - 160 с.; 21. Увачан В.В. Обычное право эвенков в XVII- нач. XX вв. М., Кн. дом «Университет», 2001. - 133 с.; 22. Федоров М.М. История правового положения народов Восточной Сибири в составе России. Иркутск: Изд-во Иркут. ун-та , 1991 - 184 с. 23. Федоров М.М. Памятник обычного права якутов 1824 года. Якутск: ЯГУ, 1991.-86 с.).

Адат укуктары коомдо аракеттенген же жашаган жалпы жарандык үрп-адаттардын ( буларга алыш-бериш, мамилелери жана тартипти сактоо кирет) бир түрү болуп саналат. Алардын мазмуну конкретүү эрежелерди камтыйт, тигил же бул кырдаалда пайдаланылуучу жүрүм-турум эрежелеринин анык системасын чагылдырат. Социалдык мамилелердин жана байланыштардын туруктуулугу жана кайталанып туруусу жекече, топтук жана массалык коомдук аң-сезимде белгилүү бир жүрүм-турум стереотиптеринин келип чыгуусуна түрткү болот. Коомдо адат укугунун пайда болуусу белгилүү бир социалдык- экономикалык жана маданий тамырлар (предпосылки) менен шартталган.

Адамзат коомунда адат укугунун нормаларынын келип чыгуусу жөнүндө көптөгөн теориялар бар. Алардын авторлору коомдогу укуктук жөнгө салуулардын пайда болуусунда мамлекеттин ролу кандайдыр бир деңгээлде бар же жок экендигин аныктоого аракет жасашкан. Биринчи агым адат укугунун пайда болуусун алгачкы общиналык түзүлүштүн кулашы жана мамлекеттин түптөлүшү менен байланыштырат. Мындай коз караштьі революцияга чейинки белгилүү россиялык окумуштуулар Н.М.Коркунов жана Г.Ф. Шаршенеевич өздөрүнүн илимий эмгектеринде белгилешкен.

Экинчи агымдын өкүлдөрүнүн көз карашы боюнча алгачкы коомдун жөнгө салуучу системаларын тагыраак мүнөздогөн механизм болуп адат укугу саналат. Ал укуктун өз алдынча тарыхый тиби катары мүнөздөлөт. “Адат укугу” термининин синоними катары “ архаикалык укук” термини колдолунат, ал азыркы коомдогу укуктан адат укугунун айырмасын баса белгилейт. Мындай илимий көз карашты бир нече өз алдынча концепциялар колдошот. Акырында, дагы бир илимий изилдөө ишти белгилеп коюу зарыл. Ал И.Б.Ломакинанын адат укугунун негиздери деген монографиялык изилдөөсү. Ал эмгекте, укуктун пайда болуусу, өрчүшү жана өнүгүүсү тарыхый көз караш менен каралган жана белгилүү бир социалдык-экономикалык жана маданий факторлор менен шартталган. Буга байланыштуу бул эмгекте адат укугунун нормаларынын келип чыгуусунун түрдүү концепциялары каралып чыккан(44. Ломакина И.Б. Особенности легитимации обычно-правовых феноменов: проблемы интерпретации парадигмы юридической герменевтики под общ. ред .Е.Н.Тонкова.Монография. С-Петербург. 2017)

**Диссертациялык иштин максаты** катары кыргыз журтчулугунун өнүгүү тарыхында кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу – илим катары изилдөөнүн объектиси болуп саналды жана жарыяланган жана жарыяланбаган булактардын негизинде атайын комплекстүү изилдөөлөр жасалды. Бул диссертациялык изилдөөдө адат, укуктук ченемдерди жалпылоочу талдоо жүргүзүлдү. Биринчи жолу укуктук

эволюция системасынын сот жана жазаны аткаруу механизмдерин иштөөсүн - үрп-адаттарды жөнгө салуучу, мүлктүк жана үй-бүлөлүк мамилелер куралы катары карап чыгылды. Ушуга байланыштуу коргоого алып чыгып жаткан негизги тыянактарга төмонкүлөрдү киргизсе болот:

- изилдөөнүн түшүнүктүк аппаратына талдоо жүргүзүлдү жана "адат укугу" түшүнүктөрүнө талдоо жүргүзүлдү;
- азыркы юридикалык илимде адат укугу жөнүндө укуктук жана илимий көз караштардын генезисинин жана эволюциясынын негизги этаптары мүнөздөлдү;
- заманбап юриспруденция категорияларынын системасында адат укугунун орду аныкталды жана анын маңызын мүнөздөлдү;
- азыркы замандын шартында негизги укуктук булактарынын иерархиясына салыштырма талдоо жүргүзүлдү жана алардын укуктук каада-салттардагы ээлеген орду аныкталды;
- заманбап жарандык мыйзамдарда адаттык укуктун нормаларын легалдаштыруу механизми каралды;
- соттук тажрыйба үчүн адат укугунун мааниси аныкталды;
- адат укуктарын калыптандыруу жана иштөө чөйрөсүндөгү эң курч көйгөйлөрдү белгилөө жана заманбап шарттарда аларды оптималдаштыруунун келечектүү жолдору иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу.** Укук таануу мейкиндигинде мамилелерининин азыркы шартка шайкештигин жана анын пайдалануунун методологиялык принциптерин жана конкреттүү практикалык сунуштарын иштелип чыккандыгында. Диссертациянын теоретикалык жоболорун, негизги тыянактарын жана сунуштарын мамлекеттик саясатты түзүүдө, укук таануу институттарынын ишмердүүлүгүнүн тактикасын жана саясатын иштеп чыгууда колдонсо болот.

**Апробация.** Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары автордун жарыялоолорунда жана эл аралык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда чагылдырылган. Диссертациялык иш

К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин базасында жасалды.

**Диссертациянын структурасы.** Жумуш киришүүдөн, тогуз бөлүмдү бириктирген үч баптан, корутундудан, жумушту жазууда колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**Жыйындын төрагасы т.и.д., профессор Б.К.Абытов:**

- Анда эмесе талкууга өтөлү. Диссертант Сайпидинов Бакытбекке суроолоруңуздар болсо берсеңиздер болот.

**Суроо**. **ю.и.к., д.м.а. Матисакова З.У**.: Диссертациялык жумуштун актуалдуулугу менен практикалык жаңылыгы эмнеде?

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:** Кыргыздар байыркы эл болгондуктан өздөрү менен бирге каада-салттарды жана үрп-адаттарды алып жүрүшкөн. Байыркы убактардан бери аларда белгилүү бир жүрүм-турум нормалары жана эрежелер калыптанган. Аларга ылайык кыргыздар өздөрүнүн коомдук мамилелерин жөнгө салышкан.Кыргыздардын салтуу коому алардын коомдук мамилелеринин бекемдигин жана туруктуулугун камсыз кылган адат укугунун нормалардын негизинде жашап келген.

Адат укугу-салттуу коомдук бийлик органдары аркылуу көзөмөлдөнгөн, белгилүү бир тарыхый этапта салттуу жүрүм-турум эрежелеринен пайда болгон, кыргыздардын коомунун социалдык, мүлктүк, саясий жана башка нормаларынын жана үрп-адаттарынын системасы.

Адат укугу адамзат тарыхынын эң байыркы социалдык кубулушу катары саналат. Адат укугунун пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү проблемалары көп кырдуу мүнөздө болот, анткени анын нормалары укуктук маданияттын элементтери болуп саналат. Ошондуктан азыркы кылмыш-жаза процессуалдык укугунда кыргыз элинин адат укуктарынын булактарын эске алуу зарыл.

**Суроо: ю.и.к., доцент Атамкулова Е.Т.:** Адат укугунун булактарын мамлекеттик деңгээлде өздөштүрүүгө жана иш жүзүндө колдонууга болобу?

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:** Адат коомчулуктагы мамиленин бардык түрлөрүн

жөндөп турган, мындайча айтканда адат юридикалык да юридикалык эмес да мүнөздө болгон. Адат ата-бабалардын кадыр-баркын сактаган, милдеттүү түрдө сактоо керек болгон жүрүм-турум эрежелери катары каралган. Адат укугунун нормалары диний жана моралдык нормалар, ырлар, уламыштар, макал-лакаптар, ооз эки чыгармалар жана башка булактарда калыптанган. Коомдогу өзгөрүүлөргө карабастан кыргыздардын салттуу коомчулугу мамилелердин туруктуулугун жана стабилдүүлүгүн камсыз кылган адат укугунун нормаларынын негизинде жашаган. Кыргыз элинин адат укуктары 4 негизги институтка бөлүнгөн: нике жана үй-бүлөлүк, мүлктүк, кылмыш жана жазалык, кылмыш процессуалдык. Кыргыз коомун эффективдүү башкаруу үчүн орус төбөлдөрү адаттын нормларын системалаштырууга аракет жасашкан. Адат укугунун реформалоонун негизги максаты болуп көчмөн элдин укуктук институттарын сырттан көзөмөлдөөнү камсыз кылуу эсептелген. Адат укуктарын системалаштыруу бийлердин жыйналыштарында ишке ашырылган. Бул өз кезегинде адат укугу нормаларын колдонууда багыттуулука жана укуктук мамилелердин стабилдүүлүгүнө алып келген.

Адат укугу патриархалдык-феодалдык мамилелерди тейлеп, алардын бекемделишине шарт түзгөн. Кыргыздардын адат укуктарында патриархалдык- уруулук адаттардын көптөгөн элементтери сакталып калган. Мисалы- өч (кан кечирбейт), кун (кун төлөө), айып, барымта жана башка. Жогоруда айтылгандар аркылуу элдин аң сезимин карангылатып, феодалдык класстын түпкү кызыкчылыктары корголгон. Кыргыз Республикасынын жаза кодексинин мурдакы редакциясынын 42-беренесинде үч эселенген айып жазасы колдолунган. Демек адат укугу кыргыз элинин мыйзамдарында коомдук мамилелерди жөнгө салуу үчүн колдонулуп келген жана өз маанисин жоготпойт.

**Суроо: ю.и.к., доцент Бакирова Ш.М.:** Адат укугун коомдогу адамдардын укуктук мамилелеринде пайдалануу натыйжалуу болсо, анда мораль жана адеп-ахлак институту кандай роль ойноп калат?

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:**Биз адат укугу түшүнүгүнүн тегерегинде жүрүп жаткан талаш-тартышка берилбейбиз, бирок,  адат укугу - бул, коомдон келип чыгуучу, гумандуулук, адеп-ахлак, адилеттүүлүк идеяларын, адамдын табигый укуктарын, инсандын эркиндигинин ченин чагылдыруучу ченемдер, коомдун ар түрдүү катмарларынын ортосундагы кызыкчылыктар балансы деген пикирге таянабыз. Жалпысынан, адат укугу түшүнүгү, ченем түшүнүгүнө барып такалат. Дал ушул себептүү адат укугунун концепцияларынын бири да анын курамынан ченемди чыгарып таштабайт, а болгону, аларды бир катар башка компоненттер менен толуктайт. Ички дүйнөбүздөгү мыйзам, —абийир деп аталат; абийир, чынында, биздин жоруктарыбыздын ошол мыйзамга дал келиши. Абийирден адамдын негизги сулуулугун көрсө болот. Бул ой эл арасында мындай чагылдырылган: «Тынч уктайм десең, таза абийириң менен жат».

Адат укугунун экинчи аспектиси - жогорудагы сапаттардын тышкы көрүнүшүнүн анык бир формалары, анткени, мораль бир гана принциптер менен чектелип калышы мүмкүн эмес. Анын бул эки тарабы тыгыз айкалышкан. «Адам өзүнүн жоруктарынан билинет. Адам сыртынан, башкача айтканда кылган иши кандай болсо, ички дүйнөсү да ошондой». Ошондуктан, адамды анын өзү жөнүндө эмне дегенине же ойлогонуна карап баалоого болбойт. Жоруктары гана анын кандай экендигин анык ачып берет.

Укук менен моралдын өз ара катышы татаал, ал өзүнө төрт компонентти камтыйт: бирдиктүүлүгү, айырмачылыгы, өз-ара аракеттешүүсү жана карама-каршылыгы. Укук менен моралды кылдат салыштыруу, алардын ортосундагы өз ара байланышты ачып көрсөтүү бул эки көрүнүштү тең терең таанып-билүүгө мүмкүндүк берет. Укук менен моралдын бирдиктүүлүгү төмөнкүдө турат: биринчиден, алар социалдык ченемдердин бир түрлөрү жана жыйындысында ченемдик жөнгө салуунун бүтүн бир тутумун түзөт, ошондуктан, айрым жалпы белгилерге ээ, аларда бирдиктүү ченемдик негиз болот;экинчиден, укук менен мораль негизинен бир эле

максатты жана милдетти көздөйт - коомдук турмушту тартипке салуу жана жакшыртуу, анда уюштуруучулук негиздерди орнотуу, инсанды өнүктүрүү жана байытуу, адам укуктарын коргоо, гумандуулуктун, адилеттүүлүктүн идеалдарын бекемдөө;

үчүнчүдөн, укук менен моралдын жөнгө салуу объектиси бир, ал - коомдук мамилелер (болгону, ар түрдүү көлөмдө), алар ошол эле адамдарга, катмарларга, топторго, жамааттарга багытталат; көп учурларда талаптары да дал келет;төртүнчүдон, укук менен мораль ченемдик көрүнүштөр катары субъектилердин тийиштүү жана мүмкүндүү жүрүм-турумдарынын чегин аныктайт, жеке жана коомдук кызыкчылыктарды чагылдыруу жана шайкештирүү каражаты болуп саналат;бешинчиден, укук жана мораль философиялык жактан эң биринчиден экономикалык, ошондой эле саясий, маданий жана башка шарттоочу факторлор менен шартталган надстройкалык категорияны туюнтат, бул факторлор аларды белгилүү бир коомдо же формацияда социалдык жактан бир типке алып келет;алтынчыдан, укук жана мораль жалпы тарыхый негизги баалуулуктар, коомдун социалдык жана маданий прогрессинин көрсөткүчү, анын түптөөчү жана тартипке көндүрүүчү күчтөрү катары саналат.

Укуктун максаты - «кагылышууларга, өз ара күрөштөргө, курч талаш-тартышгарга руханий болушунча аз күч сарптагыдай кылып адамдардын биргеликтеги жашоосун орнотуу болуп эсетелет». Негизинен, моралдын милдети деле ушундай. Себеби, укук - бул, мыйзамга айланган адеп- ахлак.

Ошентсе да, жалпы белгилер менен катар укук жана мораль орчундуу айырмачылыктарга, өз спецификаларына ээ. Аларды эске алуу жалпылыгын констатациялоого караганда олуттуу мааниге ээ. Дал ошондуктан, укуктун жана моралдын онтологиялык статустары жана белгилери терең анализдөөгө татыйт.

**Суроо: ю.и.к., доцент Юсупалиев И.К.: Сиздин диссертациялык ишиңиздин илимий жаңылыгы эмнеде?**

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:** Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы

кыргыз элинин өнүгүү тарыхында кыргыздардын адат укугунун пайда болуу булактары илим катары изилдөөнүн объектиси болуп саналды жана жарыяланган жана жарыяланбаган булактардын негизинде атайын комплекстүү изилдөөлөр жасалды. Бул диссертациялык изилдөөдө адат, укуктук ченемдерди жалпылоочу талдоо жүргүзүлдү. Биринчи жолу укуктук эволюция системасынын сот жана жазаны аткаруу механизмдерин иштөөсүн - үрп-адаттарды жөнгө салуучу, мүлктүк жана үй-бүлөлүк мамилелер куралы катары карап чыгылды.

**Суроо: т.и.к., доцент Акматова А.Т.: Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актыларында адат укугу каралганбы?**

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 1-пунктуна ылайык “Кыргыз Республикасында адамдын укугу менен эркиндигин кемсинтпеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат.

**Суроо: т.и.д., профессор Абытов Б.К.:**

- Изилдөөнүн теориялык мааниси эмнеде?

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:** Адат укугу адамзат тарыхынын эң байыркы социалдык кубулушу катары саналат. Адат укугунун пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү проблемалары көп кырдуу мүнөздө болот, анткени анын нормалары укуктук маданияттын элементтери болуп саналат. Адатты изилдөө, аны башка укуктук булактар менен салыштыруу укуктун келип чыгуу процессин жана укуктук нормалардын муундан-муунга өтүүсүн түшүнүүдө маанилүү ролду ойнойт.

**Суроо: ю.и.к., проф.м.а. Арстанбеков М.С.:**

-Диссертациялык иштин үстүнөн канча жылдан бери иштеп келе жатасыз?

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:**

-Бул тандап алган диссертациялык ишимдин үстүнөн 7 жылдан бери иштеп келе жатам.

**Суроо: ю.и.к., д.м.а. Юлдашев К.К.:** Диссертациялык иш кыргыз тилинде

жазылыптыр, грамматикалык, орфографиялык жагын адистерге каратып койдуңузбу?

**Жооп. Сайпидинов Б.Р.:** Грамматикалык, орфографиялык жактан кыргыз тилчи адистерге каратып чыктым.

**Суроо: ю.и.к., д.м.а. Абдыкерим к Г.:** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары окуу процессинде колдонулдубу?

**Жооп Сайпидинов Б.Р.:**

-Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз- Россия Славян Университетинин мамлекет жана укук теориясы кафедрасында окуу процессинде лекциялык, практикалык сабактарда колдонулуп келет. Андан сырткары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин алдындагы Жалал-Абад колледжинин «Укук таануу» адистигинин окуу планына тандоо курсу катары киргизилип, студенттерге окутулат.

**Төрага т.и.д., профессор Абытов Б.К.:**

- Диссертант Сайпидинов Б.Р. дагы сурооңуздар болсо бериңиздер. Эгерде суроо жок болсо, анда сөз Ош мамлекеттик юридикалык институтунун окуу иштери боюнча проректору, юридика илимдеринин кандидаты М.С.Арстанбековго берилет.

***Угулду:*** **ю.и.к., проф.м.а. Арстанбеков М.С.:**

- Рахмат. Мен улуттук тилде жазылган жана жактала турган илимий иш жакшы жетишкендик деп эсептейм.

Ал эми жазылган илимий иш тууралуу сөз кылсам, диссертация улуттук укук таануу илиминде актуалдуу темалардын бири болуп саналат. Диссертант ар бир бөлүмдүн акырында изилдөөнүн тыянактарын келтирип, алардын бардыгын корутундуда жыйынтык, пикир, сунуштарды айтууга негиз болуп берген.

Корутундулар жана сунуштар жогорку окуу жайларда илимий педагогикалык иште, окуу-методикалык рекомендацияларды, окуу колдонмолорун даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

Мен эксперт катары бул диссертация актуалдуу жана илимий кызыкчылыкка ээ, көрсөтүлгөн талаптарга жооп берет жана коргоого сунуштоону туура деп эсептеймин.

**Төрага т.и.д., профессор, Абытов Б.К..:** Диссертантка дагы сын пикирлер жана каалоолор барбы?

***Угулду:*** **ю.и.к.,проф.м.а. Тайлакова С.Дж.:**

Бүгүнкү күндө юриспруденция багытындагы диссертант өз материалын жакшы билет, тиешелүү булактарга анализ жүргүзүлдү. Изилдөө, бүгүнкү күнү юриспруденция илиминдеги эң негизги олуттуу, тарыхый актуалдуу темалардын бири болуп саналат. Диссертант тарабынан бул маселелер ар тараптуу изилденип чыккан.

Изилдөө диссертациялык ишке коюлуучу бардык талаптарга жооп берет жана "юридика илимдеринин кандидаты" окумуштуулук даражасын алууга ийгилик каалап кетем.

***Угулду:*** **ю.и.к., доцент Атамкулова Е.Т.:**

- Талапкердин диссертациялык изилдөөсү актуалдуу экендиги талашсыз, Сайпидинов Бакытбек Рысбаевичтин айтымында кыргыздардын адат укуктарынын булактарынын калыптануусунун көйгөйлөрү теориялык жалпы илимде толук чагылдырылган эмес жана жеткиликтүү иштелбеген. Иштин максаты кыргыз журтчулугунун укуктук өнүгүү тарыхында кыргыздардын адат укугу изилдөөнүн объектиси катары каралган.

Адат укугу- адамзат тарыхындагы эң байыркы коомдук көрүнүштөрдүн бири. Адаттык укуктун калыптанышы жана өнүгүшү көп кырдуу, анткени анын ченемдери улуттук маданияттын элементтери болуп саналат жана анын мүнөздөмөлөрүн чагылдырат.

Кыргыз көчмөн коомунун уруулук структурасы кандайдыр бир саясий укуктук тутумду түзүп, анын негизин адат түзүп, ал кыргыз элинин турмушунда чоң мааниге ээ болгон.

Кыргыздардын каада-салт укугу оозеки салтка негизделип, кыска муундар жана макал-лакаптар түрүндө муундан-муунга өтүп, натыйжада

аймактык гана өзгөчөлүктөр менен айырмаланып, убакыттын өтүшү менен өзгөрүлүп турбастан, адаттын белгилүү котормочуларынын билимдерине жана чечмелөөлөрүнө байланыштуу болгон. Мен дагы изденүүчү Сайпидинов Б.Р.дин изилдөө иши менен тааныштым, бардык талаптарга жооп берет. Мен дагы Сайпидинов Б.Р.дин "юридика илимдеринин кандидаты" окумуштуулук даражасын алууга ийгилик каалап кетем.

***Угулду:* ю.и.к, доцент Эрдоолатов Ч.С.:**

-Мыйзамдуу күчкө ээ болгон кыргыздардын мыйзамдуу үрп-адаттары эч жерде атайын жазылбастан, кыргыз урууларынын жана айылдарынын ар бир бий-казысы, бригадири жана аксакалы билиш керек болгон оозеки көрсөтмөлөрдүн жана сөздөрдүн жыйнагы болгон. Мазмуну боюнча, социалдык-экономикалык, тиричилик жана маданий турмуш шарттарындагы айырмачылыктардан улам, ар кайсы жерлерде каада-салттар бирдей болгон эмес.

Кыргыздардын каада-салт укугунун айырмалоочу белгилери: аша чапкан конкреттүүлүк, баса белгилүүлүк, партиялардын үй-бүлөлүк байланыштарына чоң көңүл буруу, диний осуяттарга баш кошуу.

Диссертациялык иште айрым грамматикалык каталар байкалат, талапкер юридикалык категориялар системасындагы сунуштарды жана адаттык укук нормаларын мыйзамдаштыруу жаатындагы илимий изилдөөлөрү жана мамлекеттик программалары менен тыгыз байланышкан автордун демилгелүү эмгеги болуп саналат. Теориялык жана практикалык материалдарды ар тараптуу изилдөөгө илимий негизделген мамилени иштеп чыгууда талапкер өз күчүн жакшы жумшаган.

**Төрага т.и.д., профессор Абытов Б.К.:**

-Диссертациянын жакшы жактарын, жетишпеген жактарын айтуу менен кафедра мүчөлөрү, келген коноктор өз ойлорун дээрлик жогору даражада толугу менен айтып берүүгө аракетин жасашты. Сөз, сын-пикирлерге жооп берүү үчүн диссертант Сайпидинов Бакытбекке берилет.

**Жооп: Сайпидинов Б.Р.:**

- Өз сөзүндө диссертацияны окуп чыгып, пикирин билдиришкен бардык кесиптештерге ыраазычылык билдирүү менен, айтылган сын-пикирлердин баардыгын эске алаарын, диссертациялык ишине керектүү жерлерин кайра толуктап карап чыгаарын айтты.

**Төрага т.и.д., профессор Абытов Б.К.:**

Анда кафедрадагы кенейтилген курамдагы талкуунун жүрүшүндө айтылган сын-пикирлердин баарын эске алуу жана аларды ондоп тузөтүү менен диссертациялык иш мындан аркы ачык коргоого сунушталсын деген пикирлер айтылды. Аталган жыйындын катышуучуларынын добушуна коем.

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары:**

Ким **"Макул"** ким **"Каршы"**

**"Макул"** – жыйындын баардык катышуучулары бир добуштан макул;

**"Каршы"** – жок;

**"Калыс"** – жок;

Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча баардыгы бул сунушка макул экендиктерин билдиришти.

**Ош мамлекеттик юридикалык институтун "Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасынын кенейтилген жыйынындагы изденүүчүсү Сайпидинов Бакытбек Рысбаевичтин "Кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу" аттуу диссертациялык темасынын талкуусу боюнча**

**ТОКТОМ КЫЛЫНАТ:**

1. Юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга даярдалган Сайпидинов Бакытбек Рысбаевичтин «**Кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу**» аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы 12.00.01 – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине дал келет.

2. Юридика илимдеринин кандидаты илимий даражаны изденүүгө

көрсөтүлгөн 12.00.01 – Укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча **«Кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу»** аттуу темадагы Сайпидинов Бакытбек Рысбаевичтин кандидаттык диссертациясы жыйында айтылган сын-пикирлерди эске алуу жана ондоо менен ачык коргоого сунушталсын.

**"Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасынын кенейтилген жыйынын төрагасы, ОшМЮИнин илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча проректору,**
**т.и.д., профессор** **Б.К. Абытов**

**Отурумдун катчысы** **Д.С. Маматашимов**

**Колдорун тастыктаймын**
**Адистер бөлүмүнүн**
**башчысы** **К. Абдуганиев**